Кыйылып турам

Сөзү,обону: Досмамбетова Канайым

Жылкы айдап үрөң-бараңдан,

Жылганы бойлой баратсам.

Жайлоонун салкын абасы,

Эркелейт согуп алдыртан.

Көңүлгө сиңген гүл жыты, ай,

Көркөмү менен мас кылган.

Ашуу-Төр менен Чолок-Төр,

Эңседим сени сагынып.

Жадырап өскөн гүлдөрүң,

Жакама үзүп тагынып.

Обонун созсоң бөлүшчү,

Аскаңан чыккан жаңырык.

Тоодогу өткөн балалык,

Тобулгу, чикит чабышып.

Бир күндө он жолу урушсак,

Он жолу кайра табышып.

Куушуп оюн салчу элек,

Кулундар менен жарышып.

Ойноп бир күлгөн күндөрүм,

Бүлбүлдөп узап баратат.

Кыйылып турам кош дебей,

Кымбаттуу курбум, бала чак.

Мен тойбос жаштык кезимди,

Мезгилим колдон талашат.